Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүүчү мектеби

# Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун планы

Шапак айылы

«Макулдашылды»

Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн

Башчысы: А.Д.Жапаров

У.Мурзакматов атындагы Шапак

жалпы орто билим берүүчү мектебинин

директору: М.Ж.Карымшаков

## Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы Ак-Суу районунун Шапак айлындагы Усуп Мурзакматов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн

# Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун планы

Мазмуну

1. Метептин миссиясы

2. Мектептин визиткасы

3. 2021-2022-окуу жылы үчун метептин ишинин анализи,өткөн окуу жылы боюнча маалыматтар.

4. Максаттар жана милдеттер (перспективдуу жана бир жылдык)

5. Анализдин матрицасы (SWOT анализ)

6. Тиркемелер: Окуу планы,педагогикалык кенештин планы, директор алдындагы кенешменин планы,мектептин жалпы чогултулган планы.

# Мектептин миссиясы:

***Усуп Мурзакматов атындагы мектеп билим берүүчү мекеме катары башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Билим берүү тармагындагы мектептен жогорку уюмдар,ата- энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышта иштеп. Мугалимдердин билимин,тажрыйбасын пайдаланып жаш муундарды натыйжалуу окутуу менен сапаттуу билим жана тарбия берип азыркы коомго керектүү, жашоодо өз ордун таба билген , оң тарабынын өнүккөн инсанды тарбиялоо.***

# Мектептин визиткасы

Орто билим берүүчү мектеп: У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектеби.

Жайгашкан айылы: Ак-Суу району, Шапак ата айылы

Окутуунун баскычы: 1-11- класс

Окутуу тили: кыргызча

Этникалык составы: кыргыз 99%

Класс комплекти: 11 класс жана «0» класс

Жакыр үй-бүлөдөн окуучулардын саны: 19/6 Инвалид окуучулар – 6/4.

Жарым жетим – 22/15.

Тышкы мигранттардын саны –жок. Ички мигрант – 5/1.

Тартиби оор балдар: кыз____ эркек_____

ИДН дин учетунда: кыз_____ эркек_____

Тоголок жетимдер: жок

Жазгы, күзгү жумуштарга байланыштуу сабак калтырган окуучулар: кыз-20, эркек-30

Билим сапаты: 48%

Олимпиаданын жыйынтыгы: зоналдык – 3 окуучу I-орун, рай.:___ обл.:___ респ.:___

Жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы(0РТ): 8 окуучу катышты, жүз баллдан жогору балл алгандар 4 окуучу

Жогорку бюджеттик окуу жайына өткөндөр: 1 окуучу, контрактык бөлүмгө 4 окуучу

Жалпы мугалимдердин саны: 17/13

Мектеп имараты: 1970-жылы салынган

Жылуулуктун түрү: көмүр менен жылытылат, котельный бар.

Спорт зал: жок

Актовый зал: бар

Китептер менен камсыз болуусу: 97%

Мебельдин саны: 34

Компьютердин саны: 14

Тех каражаттар: телевизор-2, DVD-1, проектор-2, ксерокс-2 ж.б.

2014-жылдын 17-декабрынан бери жаңы имараты салынууда, спорт залы менен сметалык баасы 39 705 149 сом

Акы төлөнүүчү кошумча билим берүү: жок

Ашкана абалы: Жакшы,1-4-класстардын окуучуларына беш күн ысык тамак берилет.

Ата-энелер комиттеттинин төрайымы: Узбекова Гулзат

## 3-бөлүм

# Максаттар жана милдеттер(перспективдүү жана бир жылдык)

«Бекитемин»

Мектеп директору: М.Ж.Карымшаков

2-сентябр 2022-жылы

## Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин узак мөөнөттүү 2022-2023-окуу жылынан 2027-2028-окуу жылына чейинки мектепти өнүктүрүү стратегиялык планы

| № | Милдеттер | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|
| I | **Билим берүү процессин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык берүүнү камсыздоо:**<br>-.Мектептин окуу тарбиялоо процессинин иш кагаздар системасын талапка ылайык иштеп чыгуу<br>-.Билим берүү кызматын мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу<br>-.Бүтүрүүчүнүн моделин иштеп чыгуу<br>-.Мектептин башкаруу системасын оптималдаштыруу<br>-Метептин окуу планынын программаларынын ишке ашыруусун камсыздоо.<br>.-Мектептин методикалык бирикмелеринин жана чыгармачыл топтун иштерин өркүндөтүү жана жоопкерчилигин арттыруу<br>-Мугалимдердин календардык,күнумдүк сабактын пландарын предметтик компоненттүүлүктөргө багытталуусун талап кылуу.<br>-Маалымат такталарды даярдоо(коомчулукка ачык маалыматтарды берүү максатында)<br>-Мониторинг жана баалоо системасын жөнгө салуу:<br>А)окуучулардын жетишүүсүн<br>Б)мугалимдердин ишмердүүлүгүн<br>-Мектептин веб-сайтын ачуу<br>-Мамлекеттик кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча иш чараларды уюштуруу,өткөрүү<br>-Метепке чейин билим берүүну камсыздоо 480 сааттык “Наристе”программасы менен иштөө | 2022-2023-окуу жылы<br>2022-2023-окуу жылы<br>2022-2023<br>Системалуу<br>Системалуу<br>Системалуу<br>2022-2023<br>Системалуу<br>2022-2023<br>Системалуу<br>2022-2024 | -Мектепте билим берүү процесси мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келүүсү камсыздалат.<br>-Бүтүрүүчүлөрдүн модели түзүлөт.<br>-Мектептин башкаруу системасы жакшырат.<br>-Окуу пландары так аткарылат<br>Методикалык бирикмелердин жана чыгармачыл топтун иши жакшырат<br>-Предметтик компотенттүлүктөр жакшырат<br>-Маалымат алуу ачык айкын болот<br>Мониторин дайыма жүргүзүлөт жана багыт алуу жакшырат<br>-Кыргыз тилинин мындан аары өнүгүсүү үчүн шарттар жакшырат<br>Мектеп жашына келген балдар адаптацияланып, окууга болгон шыгы жакшырат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| □ II | **Педагогикалык жамааттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу:**<br>1.Педагогикалык жана методикалык кеңешмелердин мазмуунун илимий методикалык,педагогикалык психологиялык форматта өтүү<br>2.Педагогикалык устакананын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу<br>3.Мугалимдердин муктаждыктарын аныктап кырдаалга жараша методикалык окуу-семинарларды уюштуруу<br>4.Жаш мугалимдерге методикалык жардамдарды уюштуруу<br>5.Мугалимдердин компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу<br>6.Мугалимдер арасында өтүүчу ар кандай онлайн жана офлайн тренингдерге катышууну арттыруу | 2022-2023<br>2023-2024 | -Педагогикалык кенешмелердин сапаты жана андагы коюлган маселелер эффективдүү чечилет<br>-Педагогикалык ишмердүүлүк жакшырат<br>-Перспективдүү план коюлуп мугалимдердин өзүн-өзү өнүктүрүүсү жогорулайт<br>-Насаатчылар тарабынан жаш мугалимдердин иши кыйла жакшырат,копьютердик технологияларды сапаттуу колдонуу болот |
| □ III | **Окуучулардын билим алууга кызыгуусун жана билим сапатын жогорулатуу:**<br>-Окуучулардын керектөөлөрүн,муктаждыктарын аныктоо жана ага жараша предметтик ийримдердин ишмердүүлүгүн камсыздоо<br>-Мектеп ичиндеги предметтик олимпиадаларды өнүктүрүү.,интелектуалдык марафондорду сапаттуу өткөрүү<br>-тесттердин мазмуунун жаңыртуу ЖРТга жана жакынкы жылдарда өтүүчү PIZAтестерине ылайык тестерди өткөрүү.<br>-Китепкананын ишмердүүлүгүн жакшыртуу.<br><br>-Жетишпеген окуу китептери менен камсыз кылуу<br><br>-Башталгыч класстардагы “ Окуу керемет” долбоорунун ишин сапаттуу жөнгө салуу<br><br>-Жетише албай жаткан окуучулар менен жекече иштөөнү жөнгө салуу<br>-Класстарды техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу<br>-Информатика кабинетинде компьютерлер менен толуктоо<br>-Электрондук китептер менен иштөөнү жолго коюу<br>-Предметтер боюнча көрсөтмө куралдар менен жабдууга жетишүү<br>-Эмгек мастерскоюн уюштуруу | 2022-2028<br><br>Системалуу<br><br>2022-2024<br><br>2022-2028<br><br>Системалуу<br><br>2022-2025<br><br>Системалуу<br>2022-2024<br>Системалуу<br>2024-2025<br>Системалуу<br>2023-2024 | -Көп предметтер боюнча ийримдердин иш алып баруусу жакшырат,окуучулардын кызыгуусу жогорулайт.<br>-Окуучулардын окууга болгон кызыгуусу артат жана изденүүсү жакшырат<br><br>Талапка ылайык тессттердин мазмууну жакшырат.Окуучулардын билим сапаты өсөт<br>-Китепканага тиешелүү бардык докуметтер тракталат жана санариптешет<br>-Меценаттар менен иштеп китеп менен камсыз болуу 100% болот<br>-Башталгыч класстардын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжалары жакшырат<br>-Жетише албай жаткан окуучулар азаят<br>-Техникалык жабдуулар алынат<br>-Компьтерлер алынып окуу үчүн пайдаланылат<br><br>Электрондук китепана ачылат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | -Көрсөтмө куралдардын көлөмү чоноет<br>-Окуучулардын жөндөмү артат |
| □<br>IV | **Инсандын руханий-адеп-ахлактык-өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө Кыргыз Президентинин жарлыгын ишке ашырууну уюштуруу:**<br>-Мектеп спорт площадкасына кичи футбол аянтчасын куруу<br><br>-Жаны мектептин курулушуна көмөктөшүү,спорт залды бүтүрүү керектүү инвентарлар менен камсыздоо<br>-спорт аянтчасын жакшыртуу<br><br>-Тарбия берүүнүн улуттук маданий,руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөөлүк баалуулуктарга дал келүүсүнө жетишүү.<br><br>-Окуучуларда эмгекке шыктанууну активдүү жашоо жана кесиптик позицияны,табиятка этият мамиле кылууну калыптандыруу<br><br>-Тарбия иштеринин негизги багыттарын ишке ашыруу<br>-Сергек жашоого жана спортко тартуу максатында иш чараларды уюштуруу<br>-Милициянын жаш жардамчысы топтору менен иш жүргүзүү | 2022-2023<br><br>2022-2024<br><br>2023-2024<br><br>Системалуу<br><br>2022-2028<br><br>2022-2027<br><br>Системалуу | Кичи футбол площадкасы жасалат.Окуучулардын машыгуусу жүргүзүлөт<br>Жаны мектептин имараты бүткөрүлөт,спорт залга инветарлар алынат.<br><br>Спорт аянчасына кошумча жабдуулар коюлат.<br>-Тарбиялык класстык сааттардын сапаты жакшырат,окуучулардын тарбиясы түшүнүгү жогорулайт<br>-Эмгеке болгон кызыгуу жогорулап кесипке багыт алышат.Айлана чөйрөгө табигатка болгон аяр мамилеге калыптанышат.<br>-Ата-энелер менен бирге тарбиялык сааттар өтүлүп окуучуларда спортко,сергек жашоого болгон мамилеси жагорулайт<br>-Кылмыштуулук эмне экенин түшүнүшүп, бейбаштык мамилелердин чектелүүсү ишке ашат |
| □<br>V | **Мектепте балдардын тамактануусун жакшыртуу:**<br>-Мектептин ашканасынын шарттарын жакшыртуу<br><br>-Окуучуларга талапка ылайык витаминдүү тамактандырууну уюштуруу<br><br>-Мектеп алма багын сапаттуу багуу<br><br>-Көмөкчү чарба уюштуруу | 2023-2024<br><br>2023-2027<br><br>Системалуу<br><br>2022-2025 | Мектеп ашкансына кошумча жабдуулар алынат.Санитардык талаптар так сакталат.<br>-Көмөкчү чарбанын эсебинен жашылча жемиштер рационго кошулат.Алма бакты багбанчылык менен багуу.Арасына жашылча өстүрүү<br>Ата-Энелер балдарына берилип жаткан тамактын сапатын жакшыртуу максатында өз каалоолору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | -Ата-энелерди балдардын кошумча тамактануусуна тартуу | | менен кошумча азык-түлүк менен камсыздоо уюшулат |
| ☐ VI | **Ата-Энелерди мектепке тартуу:**<br>-Энелер мектебин уюштуруу<br><br>-Мектепке спонсорлорду тартуу | 2022-2023<br><br>Системалуу | -Ата-Энелер метеби уюшулат.Мектеп менен ата-энелердин тыгыз байланышы түзүлөт<br>-Меценаттар менен иштө жолго коюлуп.жетишпеген материалдык нерселер 50-60%ке азаят |
| ☐ VII | **Коопсуздукту камсыздоо:**<br>-Метепте жалпы коопсуздукту камсыздоо<br>-Жарандык коргонуу,өрт,техникалык коопсуздук боюнча окууларды өткөрүү<br>-Санитардык-гигиеналык коопсуздук боюнча иш чараларды уюштуруу<br><br>-Мектептин айланасын, класс кабинеттерди жашылдандырууну колго алуу.<br>-Ремонт иштерин сапаттуу жүргүзүү | Системалуу<br><br>Системалуу | -Турлүү кокунучтар боюнча окуулар өткөрүлөт.Сактануу жана сактануу коргонуу,болтурбоо боюнча окуучулар,мугалидер арасында түшүнүктөр калыптанат.<br>-Жышылдандыруу иштери жакшырат.Экологиялык маданият калыптанат.<br>-Сапаттуу ондоп түзөө жүргүзүлөт |
| ☐ VIII | **Жаны метептин имаратына кирүү,талапка ылайык класс кабинеттерди жабдуу** | 2023-2024 | Жаны метептин имараты ишке берилет.Класс кабинеттер толук заманбап каражаттар менен камсыздалат |

# 4-Бөлүм

# Анализдин матрицасы

# (SWOT анализ)

# Мектептин проблемасын талдоо

| Биздин мектептин кандай күчтүү жактары бар? | Биздин мектептин кандай начар жактары бар? |
|---|---|
| 1.Мугалимдер жана окуучулардын эн жакшы тартиби | 1.Окуу мебелдери жетишпейт |
| 2.Окуучулардын китеп менен камсыздалышы 98% | 2.Интернетбайланышы начар, жетишпейт |
| 3.Окуучулардын сабакка жана коомдук иштерге катышуусу жакшы | 3.Окутуу учун техникалык каражаттары жетишсиз |
| 4.Жаш кадрлар көп келүүдө | 4.Спорт залы жана спорт инвентарларжетишсиз |
| 5.Озүн-өзүбашкаруу уюмунун иш алып баруусу | 5.Окуучулардын формасы бирдиктуу эмес |

| Биздин мектепте кандай мүмкүнчүлүктөргө ээбиз? | Биздин мектепте кандай коркунучтар бар? |
|---|---|
| 1.Көмөкчү чарба уюштурууга | 1.Мектептин имараты авариялык абалда |
| 2.Олимпиада жана конкурстардан орун алууга | 2.Жогорку класстарда окуучулардын саны аз,класстардын жабылышы |
| 3. «Жыл мугалимине»катышып орун алууга жетишүүгө | 3.Жаш мугалимдердин шартка жараша мектептен кетүүсү |
| 4.Окутуунун жаны методдорун үйрөнүүгө | 4.Уюлдук телефондорду колдонуудагы интернет байланышынын окуучуларга тийгизген терс таасири |
| 5.Проектилер менен иштөөгө | 5.Окуучулар көркөм адабий чыгармаларды окушпайт |
| | |

# Ата-энелер менен иштөөнү талдоо

| Ата-энелердин кандай күчтүү жактары бар? | Ата-энелердин кандай начар жактары бар? |
|---|---|
| 1.Мектепке материалдык жардам бере алат | 1.Айрым ата-энелер мектеп чогулушуна келишпейт. |
| 2.Балдарына камкордук көрөт | 2.Айрым ата-энелер балдарын үй,чарба жумуштарына көбүрөөк колдонушат |
| 3.өз сунуш жана пикирлерин айтышат | 3.Айрым ата-энелер бирдиктүү мектеп формасын колдобойт |
| 4.Мектеп менен тыкыз байланышта | 4.Айрым ата-энелер балдарынын кандай билим алып жатканына кайдыгер |
| 5.Жакшы окуган окуучуларга стипендия беришет | 5.Айрым ата-энелер ички туугандык мамилелерин бүтүндөй мектепти жамандоо менен чечкиси келет |
| **Ата-энелер менен кызматташуу бизге кандай мүмкүнчүлүктөрду берет?** | **Ата-энелер менен иштөөдө мектепте кандай коркунучтар бар?** |
| 1.Окутуу тарбиялоо процессин жакшыртууга көмөктөшөт | 1.Колунда бар ата-энелер балдарын башкалардан өзгөчөлөнткүсү келет |
| 2.Материалдык базаны чындоого жардамдашат | 2.Ичкилик ичип,чылым чеккен ата-энелер балдарга терс таасирин тийгизет |
| 3.Мектептеги маданий иш чараларды жогорку денгээлде өткөрүүгө | 3.Айрым ата-энелер өзүлөрүн мугалимдерден бийик сезишет |
| 4.Окуучулар арасында тартипти сактоого | 4.Айрым ата-энелер мугалимдерге басымдуулук кылышы мүмкүн |
| 5.Ата-энелердин сын пикирлерин мугалимдер кабыл алышат | 5.Айрым ата-энелер балдарынын билими үчүн бир гана мугалимдер жоопту деп эсептешет |
| | |